**ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Д. 10.11.029 Диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
**УДК: 894.341.09 (043.3)**

**БИЛБАЕВА ГУЛЬЗАДА ЖАКЫПОВНА**

# КЫРГЫЗ ПРОЗАСЫНДАГЫ КӨРКӨМ ДЕТАЛДАРДЫН АТКАРГАН ФУНКЦИЯСЫ (60 –70-жж.)

**10.01.01 – кыргыз адабияты**

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2012**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Дүйнөлүк адабият кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчиси:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Садыков Абдыкадыр**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору
**Эшиев Асылбек Мирзатиллаевич**

филология илимдеринин кандидаты
**Токушева Төлөбүбү Сагынбековна**

***Жетектөөчү мекеме:*** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасы, дареги: Бишкек ш., Раззаков к., 51

Диссертация 2013-жылдын «18» январында саат 13.00дө Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтундагы филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн 10.11.029 Диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а

Диссертациялык иш менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547

Автореферат 2012-жылдын «_____ » декабрында таркатылды

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты,
доцент **Кадырмамбетова А.К.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Деталга илимий аныктама алгач Ф.Энгельс тарабынан берилген. Ал Маргарет Гаркнесстин «Шаардык кыз» деген романын талдап жатып, реализмге мындай мүнөздөмө берет: «На мой взгляд, реализм предполагает, помимо правдивости деталей, правдивое воспроизведение типических характеров в типических обстоятельствах» [Хрестоматия по теории литературы. - М.: Просвещение, 1982. - 38-б.]. Демек, деталь реалисттик искусствонун негизги көркөм каражаттырынын бири. Ал эми «деталь» деген эмне деген суроого ошол эле Гаркнесске жазган катында мындайча жооп берет: «Деталь – то есть, верное воспроизведение быта, обстановки и вообще всей внешней стороны изображаемой жизни» [Маркс К., Энгельс Ф. Об искусстве. - М., 1957. - Т.1. - 11-б.], б.а. жазуучу окуя өтүп жаткан жерди, каармандар аракеттенген айлана-чөйрөнү, турмуш-тиричиликке тиешелүү көрүнүштөрдү, жалпысынан алганда, сүрөттөлүп жаткан турмуштун бардык «сырткы жактарын» чагылдырууга тийиш. Мында Энгельс белгилеген «внешняя сторона» деген түшүнүктү көркөм чыгарманын формасына тиешелүү каражаттар катары кабылдашыбыз керек. Л.Толстой да ушул мааниде мындайча сөз айтат: «Художник достигает успехов в той мере, в какой находит те бесконечно малые моменты, из которых складывается произведение искусства» [Добин Е. Искусство детали. - М.: СП., 1978. – с.192].

Көркөм чыгарманын ийгилиги улуу устат белгилегендей «майда бараттарды» (мисалы адамдын кебете кешпириндеги же жан-дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөрдү – «кыймыл аракеттерди» белгилеген деталдар) чебер сүрөттөөгө да байланыштуу. Кээде өтө кылдат колдонулган көркөм деталь чыгарманын бүткүл сюжеттик курулушун аныктап коюшу мүмкүн: «Главное найдите деталь… – дейт М.Горький, – она осветит вам характеры, от них пойдете, и вырастут и сюжет и мысли» [Горький А.М. О литературе. – М.: Советский писатель, 1953. – с.864]. Алсак, «Гүлсараттын» прологунда берилген «өтө карыган адам жана карыган ат» деталы повесттин окуясынын андан аркы өнүгүшүнө жол ачып берет.

Деталь-жазуучунун чеберчилигинин маанилүү бир тарабын мүнөздөй турган көркөм каражаттардын бири. Орус классикалык адабиятынын залкар өкүлдөрүнүн аны колдонуудагы устаттарынын ичинен Н.В. Гоголь, А.П. Чехов, Л.Толстой, М.Горький, М.Шолохов сыяктуулар өзгөчө айырмаланып турат. Кыргыз прозачыларынан көркөм деталдардын мастерлери катары

Т.Сыдыкбеков, Ч.Айтматов, Т.Касымбеков, К.Акматов, М.Мураталиев, М.Гапаровдордун ысымдарын атоого болот.

Диссертациянын темасынын **актуалдуулугу** адабияттагы эң маанилүү көркөм каражат болуп эсептелген деталдардын ролун кыргыз проза чеберлеринин чыгармаларынын мисалында ар тараптуу изилдөөгө алынгандыгы менен аныкталат.

**Диссертациянын темасынын илимий программалары менен болгон байланышы.** Илимий иштин темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институтунун илимий изилдөө иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

**Диссертациянын максаты жана милдети:**

- Деталдардын аткарган кызматы тууралуу маалымат берүү.
- Кыргыз проза чеберлери Т.Сыдыкбеков, Т.Касымбеков, Ч.Айтматов, К.Акматов, М.Гапаров, М.Мураталиевдердин чыгармаларында көркөм деталдардын алган ордун аныктоо жана анын түрлөрү боюнча конкреттүү мүнөздөмө берүү.
- Орус классик жазуучулары Н.В.Гоголь, А.П.Чехов, Л.Н.Толстой, М.Горький, М.Шолоховдордун көркөм деталдары колдонуудагы устаттык өнөрүнө талдоо жүргүзүү.

**Илимий иштин жаңылыгы:**

Кыргыз адабият теориясында алгачкы жолу көркөм деталды залкар жазуучулардын чыгармаларынын мисалында талдоо болуп эсептелет. Эмгекте деталдын мааниси, формалары көркөм чыгармаларды конкреттүү анализдөө аркылуу аныкталды. Эмгегибиздин **жаңылыгы** мына ушундай жагдай менен белгиленет.

**Иштин илимий-практикалык мааниси.** Изденүүчүнүн жарыкка чыккан илимий изилдөөлөрү жогорку окуу жайларында өтүлүп жүргөн «Адабият теориясы» курсунун лекциялык жана практикалык сабактарында, атайын курс жана семинарларда пайдаланылат, ошондой эле көркөм чеберчилик боюнча диссертация жазган жаш окумуштуулардын иштерине көмөк бере алат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

- Деталь сөз чеберлеринин чыгармаларында колдонулуучу маанилүү көркөм каражаттардын жана жазуучулук стилдин эң негизги компоненти экендиги.
- Таланттуу кыргыз прозаиктери Т.Сыдыкбеков, Т.Касымбеков, К.Акматов, М.Мураталиев, С.Өмүрбаев, М.Гапаровдордун роман, повесттерин-

де көркөм деталдардын алган орду, алардын чыгармаларынын идеялык-көркөмдүк сапатын көтөрүүдөгү ролу.

- Ч.Айтматов повесттеринде каармандын жан дүйнөсүн ачуу үчүн деталдардын ар кандай түрлөрүн ыктуу пайдалана билиши;

Т. Касымбеков «Сынган кылыч», «Келкел» романдарында деталдарды портрет тартуу, пейзаж түзүү ж.б.ыкмаларын колдонуп, алар каармандын психологиясын ачууда активдүү кызмат өтөй тургандыгы;

**Изилдөөчүнүн жеке салымы** болуп көркөм деталдардын аткарган кызматынын кыргыз прозасынын мисалында алгачкы ирет изилденип жаткандыгы менен аныкталат.

**Диссертациянын апробациясы**. Диссертация Ош мамлекеттик университетинин дүйнөлүк жана кыргыз адабияттары кафедраларында, С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде талкууланган жана жактырылган. Эмгек боюнча 9 макаласы УАК тарабынан сунуш кылынган ар түрдүү басмаларда жарыяланган.

**Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы.** Диссертациянын мазмуну УАКтын талабына жооп берген басылмаларда 9 макаласы жарык көргөн.

**Иштин структурасы**:

Изилдөө 171 беттен турат. Ал киришүү, үч главага: «Көркөм деталдардын кыргыз прозасында алган орду жана мааниси», «Чыңгыз Айтматовдун көркөм деталды колдонуу чеберчилиги», «Көркөм деталь – маанилик жана психологиялык каражат» - деп ажыратылган. Аягында жалпы корутунду чыгарылып, пайдаланылган адабияттардын тизмеси берилди.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын **актуалдуулугу**_изилдөөнүн максаты жана милдети, коргоого коюлуучу жоболор аныкталып, эмгектин методологиялык негизи, практикалык мааниси, апробациясы тууралуу маалымат берилди.

**Биринчи глава «Көркөм деталдардын кыргыз прозасында алган орду жана мааниси»** деп аталып, мында деталдардын чыгарманын идеялык-көркөмдүк деңгээлин көтөрүүдөгү ролу орус жана кыргыз прозаиктеринен алынган конкреттүү мисалдар жана аларга жүргүзүлгөн талдоолордун негизинде ачылып берилген.

Деталдар «кеңири» («подробность») жана «кыска» болуп ажыратылат, б.а. ал бирде кеңири сүрөттөө же баян менен берилсе, (мисалы Ч.Айтматовдун «Эне-бейит» легендасы сюжет-деталь), экинчи учурда (алсак, «Жамийлада» ал Даниярдын гимнастеркасын жууп, анан аны үтүктөгөн сымал колу менен сылап отурушу) кыска түрүндө колдонулат. К.Акматовдун «Мезгил» романындагы «Кош терек» мазары жана анын чокусунда жашап, күндүр-түндүр сайраган боз чымчык эпизоду «сүрөттөөчү» деталга кирет. Т.Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романында Ыманбай аттуу каарман кыз алагачып, чатакташкан айылга «элчиликке» барып, токмок жеп, «өлүп-тирилгени» да ошол типтеги деталь. Ал эми «Биздин замандын кишилери» романы да деталдардын ар кандай түрлөрүнө бай. Мисалы, XX кылымдын 40-жылдарында Дмитрийдин салган тамынын көрүнүшүн сүрөттөгөн деталь орус адамынын кыргыз айылына жашоонун жаңы формаларын алып келгенин туюнтат. Анын үйү кыштактын башындагы эшигинин алдында дүпүйгөн багы бар, сырты акталган там. Терезелери сыртка ачылма, эгерде жаап койсо, форточкадан аба кирип турат, ошон үчүн үйдүн ичиндеги аба таза. Акман: «Надежда байбиченин үйүнө келгенде Соң-Көлгө чыккандай боло калам да! Көрчү! Гүл! Аба таза» – деп суктанганы бекеринен эмес. Ал курдашынын үйүнө барганда алардын салтын сыйлап, тебетейин башынан алат да, чоң сандыктын үстүнө коет. Столго ак жабуу жабылган. Анда жакшынакай бышырылган бөлкө нан турат. Акман андан ооз тиет. Сыртынан караганда булардын бардыгы өтө эле «майдалап» сүрөттөлгөндөй көрүнөт, а чынында алардын ар биринде деталдык-подтексттик мазмун сезилип турат. «Как детали, так и подробности свойственна потенциальная способность к образно-смысловому расширению орбиты, к проникновению в суть художественного целого» – дейт Добин (12-13-беттер). Жогорку мисалдардын бардыгы мына ошол сыяктуу идеялык-көркөмдүк жүк көтөрүп тургандыгы айдан ачык.

Маанилүү, орундуу деталдарды табууда жазуучунун тил чеберчилигинин мааниси чоң. Ал үчүн жазуучу сөзгө сараң, ойго бай болууга тийиш «Чтобы словами было тесно, мыслями просторно, – дейт Горький, – чтобы слова дали живую картину… Одно дело – «окрашивать» словами людей и вещи, другое – изобразить их так «пластично», живо, что изображенное хочется тронуть рукой, как часто, хочется потрогать героев «Войны и мира» у Толстого» [Горький М. О литературе. - М.: СП, 1953. - 326-327-б.].

С.Өмүрбаевдин «Бороондуу күндөр» романы жакшы табылган деталдарга бай. Анын башталышында «түн жамынган эки атчан коктуга жыландай сойлоп кирди». «Кара-Кужурдун башын дүпүйгөн **кара булут** каптап турду» деген деталдык сүрөттөөлөр кандайдыр жүрөк үшүткөн жаман нерселерден кабар берет.

Мындай жакшы, орундуу деталдар менен бирге кайсы бир чыгармаларда аны «майдалатып» жиберген учурлар да кездешет. Муну Добин «инфляция подробностей» деп туура мүнөздөптүр. Кыргыз жазуучусу Н.Байтемировдун «Салтанат», «Жаш жүрөктөр» романдарында, айрым убактарда «Турмуш элегинде» максатсыз майда-бараттарды көп сүрөттөп, окурманды тажатып, көңүлүн кайт кылып таштаган мисалдарды жолуктурабыз.

Чебер автор каармандын портретин тартууда анын жекече деталдык белгилерин таба билет: «Он должен смотреть на своих героев именно как на живых людей, – дейт М.Горький, – а живыми они у него окажутся, когда он в любом из них найдет, отметит и подчеркнет характерную, оригинальную особенность речи, жеста, фигуры, лица, улыбки, игры глаз и т.д.». Мына ушундай таамай портрет тартуу чеберчилиги Л.Толстойдо абдан күчтүү экен. Мисалы, анын түзгөн бир портрети мындай: «Он (Сережа деген бала) никогда не улыбался, он или смотрел совершенно серьезно, или от души смеялся своим звонким, отчетливым и чрезвычайно увлекательным смехом» [Толстой Л. Детство. Отрочество. Юность - Фрунзе: Мектеп, 1986. - 60-б.]. Л.Толстой адамдын көзүнө байланыштуу таамай, таасын деталдарды табат: «Улыбка у нее была печальная, но чрезвычайно добрая, глаза были большие, усталые и несколько косые, что давало ей еще печальное и привлекательное выражение» [223-б.]

Деталдарды каармандардын речинен, диалогдордон да көп кездештиребиз. Мисалы, М.Горький Достоевскийдин диалогдоруна суктанат: «**У него люди великолепно говорят»** дейт [көрсөтүлгөн китеп, 440-б.]. Ушундай мааниде кыргыз жазуучусу М.Гапаровдун диалогдору тууралуу айтса болот. Ал каармандардын өз ара сүйлөшкөн сөздөрүнөн мүнөздүү деталдарды табат. Алсак, бир повестинде «Малике Авазды назик карап туруп, жылмайып койду» деген портреттик деталдардан каармандардын бири-бирин жактырарын баамдайбыз.

М.Мураталиев да С Өмүрбаев өңдүү эле пейзаж-деталдарды мыкты колдонот. Алсак, «Сары кар» деп романга коюлган ат ошондой мааниде. Андагы «сары кар» деп коюлган аттын подтекстик сыры чыгарманын финалында гана чечмеленет.

Добин «Искусство детали» деген монографиясында орус адабиятынан айрым жазуучуларды тандап алып, алардагы деталь түзүүнүн өзгөчөлүгүн аныктап берген. Ал Андрей Белый аттуу жазуучунун «такого величия в изображении мелочей, как у Гоголя, не знала мировая литература» деген сөзүн келтирип, андан соң конкреттүү мисалдарга кайрылат.

Гоголь «майда-бараттар («мелочь») дегенди турмуштан тынбай издеп таап, бирок, ага башка тааныш-тамырлардан да сурамжылап, чогултуп жүрчү экен. «От малых лет была во мне страсть замечать за человеком, ловить душу его в

малейших чертах и движениях его» [Добин, 33-б.] дептир ал. Жазуучу каармандардын портретин тартууда ошондой аракеттерди көп жасаган. Анын «Өлүк жандар» романы жөнүндө орус адабиятынын тарыхында мындай деп жазылган: «Гоголь создал пять характеров, пять портретов, которые по яркости и выразительности принадлежат к первоклассным образцам искусства слова. Эти пять портретов так непохожи друг на друга, что можно только удивляться мастерству индивидуализации характеров" [История русской литературы XIX века. Первая половина. - М.: Высшая школа, 1985. - 474-475-бб.].

Орус адабиятынын тарыхында кыска, бирок нуска жазган эң сонун деталист А.П. Чехов болуп эсептелет: «Мягкость языка, его точности можно поучиться у Чехова: короткая фраза, совершенно отсутствуют вводные предложения. Этого он всегда избегал с огромным умением» [Горький М. О литературе. - М.: СП, 1953. - 441-б.].

Чехов көбүнчө текст артына катылган деталдардын устаты катары белгилүү. Буга анын «Кутудагы адам» («Человек в футляре») аттуу аңгемеси өзгөчө мисал болуп бере алат. Башкы каарман Беликовдун «как бы чего не вышло» – «бир балекет болуп кетпегей эле» деген дайыма колдонуп жүргөн сөзү өтө мүнөздүү көркөм деталь. Бир нерседен коркконсуп, саксынып жүргөн өзгөчө типти Чехов «кутуга катылган адам» деп абдан таамай деталь менен мүнөздөйт.

Алгачкы главаны жыйынтыктаганда төмөндөгүдөй ойлорду белгилөөгө болот:

● Деталь жазуучунун чыгармачыл өнөрканасындагы эң маанилүү көркөм каражаттардын бири. Ал анын айта турган оюн күчөтүп, белгилүү бир идеялык-көркөмдүк жүк көтөрүп турат.

● Деталь чыгарманын бардык компоненттеринен көрүнөт, мисалы, деталь-портрет, деталь-пейзаж, деталь-фразеологизм ж.б.с.лар

● Анын «ачык» жана «жабык» формалары бар, б.а. тексттен дароо кабыл алып, түшүнүүгө мүмкүн болгон, же анын артына катылган деталдар

● Деталдык сүрөттөөлөрдү «подробность» (майдалап жазуу») жана жекелик, («кыскалык») деп да ажыратышат. Бирок, «кеңирилик» кээде майда-барат, чыгарма үчүн анча зарыл эмес сөздөр менен коштолсо, ал зыяндуу. Ал эми турмушта кээде кенен-кесир сүрөттөөнү талап кылган учурлар кездешип калат. Мындай убакта «кеңирилик» («подробность») өзүн аныктайт.

●Деталды табыш бир маселе да, бирок аны көркөм бере билиш андан маанилүү. Бул үчүн тил чеберчилиги талап кылынат. М. Горький жаш жазуучуларга кайрылып кеңеш айтканда ушул маселеге айрыкча көңүл бурган. Каармандын образы типтештирилет, а бирок анын конкреттүүлүгү жетишпесе, таа-

сири кемийт. Ошон үчүн айрым маанилүү деталдарды таап, «типти» жекелештирүү жагына айрыкча көңүл буру талап кылынат.

●Жазуучу көркөм сөз устаты. Ал чыгарманын мазмун жактан да, формасы боюнча да изденүүгө тийиш. Мында өзгөчө көркөм деталь маселеси бирден-бир маанилүү орунда турат.

● Орус классикалык адабиятында деталь табуунун устаттары катары Н.Гоголь, Л.Толстой, А.Чехов, М.Горькийлердин ысымдары аталса, кыргыз адабиятынан Т.Сыдыкбеков, Ч.Айтматов, Т.Касымбеков, М.Гапаров, ж.б. лар-ды тартууга болот.

**Экинчи глава «Чыңгыз Айтматовдун көркөм деталь колдонуу чеберчилиги» деп аталып**, ал сегиз параграфка ажыратылган.

Биринчи параграф **«Бетме-бет» – тушоо кескен повесть** деп аталат**.** Бул параграфта улуу жазуучунун повесттерин талдоо аркылуу анын көркөм деталь табуунун устаты экендиги тастыкталат.

Ч.Айтматов бул алагачкы повестин анын жазуучулук тушоосун кескен чыгармасы деп эсептейт. Повесть чыгармачылыктагы биринчи кадамы болсо да, ал бул чыгармасында орундуу табылган көркөм деталдардын жардамы менен Ысмайыл, Сейде, Мырзакулдардын образдарын психологиялуу планда ачып берүүгө жетише алган.

«Бетме-бетте» автор пейзаж жана портрет деталдарды мыкты пайдаланган. Чыгарманы ачып окуй баштаганда эле Ч.Айтматов тарткан «**караңгы түн**» пейзажы окуянын андан аркы жүрүшүндө Сейде менен Ысмайылдын эңсеген «жан жолдошу» болуп калат, анткени, Ысмайыл дайыма айлана-чөйрө караңгылыктын туңгуюгуна баткан кезде үйүнө келет. Алар терезенин туюктап жаап, эшикти илип коюп отурушат. Андан ары автор Ысмайылдын **портрет-деталын** мындайча тартат: «Жарык көрбөй, үңкүрдө жата бергендиктен, Ысмайылдын иреңи шишиңки. Анын көзү бирде жанкечтилик менен эки жакты окурая чалып, заардуу тиктейт». Бул деталь-портрет каармандын жан дүйнөсүндө жүрүп жаткан татаал процесстерди даана туюнтат.

Сейдеге ашыктыгын ачык билидире албаган Мырзакул аны бир башкача жалындуу тиктейт. Бул «көз караш» деталы болуп эсептелет.

Повесттин кульминациясында (Ысмайыл Тотойдун бооз уюн союп алгандан кийин) жазуучу кайрадан «**кара»** метафора-деталына кайрылат. «Шамал күчөп, батыштан **капкара булуттар** калкылдап, асман бетин бербей келатат, тоолор көрүнбөйт». Финалда Ысмайылдын каары ашынып, киши жечүдөй болуп турган капкара кебетесинен коркпой, Сейде качкын менен бетме-бет беттешүүгө чыгат**…**

**Экинчи параграф «Жамийла» жана көркөм деталь»** деп аталат.

Ч.Айтматовдун атын дүйнөгө тааныткан экинчи повести «Жамийла» көркөм деталдарга бай. Мында да негизинен пейзаж жана портрет деталдарга көп кайрылат.

Бригадир Орозмат Жамийланы арабакечтердин тобуна кошуу үчүн кайненесинен суранып келгенде кемпирдин үч айласы куруйт. Аял кишинин араба айдашы ага өтө өөн учурайт, бирок, аны жумушка чыгарбай коюшка да мүмкүн эмес эле, анткени, батышта нан күйүп жаткан, ал жакта уулу Садык да согушуп жүрөт. Ушул психологиялык оор учурду автор төмөнкү портрет-деталь менен даана туюндурат: «Апам улам-улам ээк алгычы менен **кабара түшкөн көздөрүн** аарчып, тигил бир нерселерди жоотуп айтып жаткан Орозматка өзүнчө муңдана баш ийкеп, кылгырган тумандуу көз караш менен тээ алыска-алыска кабарсыз балдары көрүнө калчудай тиктейт.

«Айтор, капаланып, бошой түшкөн апам Жамийланын араба айдашына көндү окшойт» – дейт баяндоочу Сейит.

Жамийлага тийишип, аны эрмек кылгысы келген кайни сөрөй Осмонго карата келин «**аңги**» деген подтекстүү мыскылдуу метафора-деталды колдонот. Аңги үйүргө кошулбаган айгыр. Ал ээн жүргөн бээлерди айдап кетет. Осмон да ошого окшош адам.

Жамийла аксап баскан, сырт кебетеси жүдөңкү шөлбүрөгөн Даниярды алгачкы көргөндө «**карааның эркек эмеспи**» деген метафора-деталь менен мүнөздөйт. Кийин экөөнүн ортосунда сүйүү пайда болот, бирок, никелүү күйөөсү бар Жамийла эмне кылар айласын таппай жүрөт. Данияргa боору ооруп, бир күнү анын эскирген гимнастеркасын агын сууга шапшып жууп, анан аны көк жашаңга жайып коюп, кургап бараткaнда бырышын жазган өңдүү колу менен сылап отурат. Бул Жамийланын жигитке карата жылуу мамилесин туюнткан деталь.

Акырында Жамийла күйөөсү жакында келе тургандыгы туралуу кабар алган соң өз тагдырын чечүүгө чечкиндүү аттанып чыгат. Добулдуу түндө ал кырманда үйүлгөн самандын түбүндө жаткан Данияргa келип, өз сүйүүсүн ачык түшүндүрөт. Ошол күзгү добулдуу түндү сүрөттөгөн эпизоддо бүркүт менен кулаалынын символ-деталы бар. Окурман аңдап баамдаса, автор бүркүттүн элеси менен Данияарды, кулалы аркылуу Садыкты туюнтуп жаткандай жыйынтыкка келе алат.

**Үчүнчү параграф «Биринчи мугалим» («Кош терек» сыры)** деп аталат.

Бул повестте Алтынай менен Дүйшөндүн көзү ачылбай калган сүйүүсүнө байланыштуу бир катар деталдар берилген. Алардын эң негизгиси «кош терек». Анын тарыхын Алтынай өзү айтып берет.

Алтынайды райымсыз жеңеси күйөөгө токолдукка сатмак болгондо, Дүйшөн аны өзү жашаган үйүнө көчүрүп алат. Кыздын маанайы пас болуп, санаа чегип жүргөнүн сезген Дүйшөн бир күнү мектепке кош чырпык көтөрүп келип, аны Алтынайга арнап, булактын удулуна отургузат. Кийин ошол көк чырпыктар айылдын четиндеги дөбөдө алыстан көрүнүп турган бийик кош терекке айланат. Бул бир жагынан жетим кыз Алтынайдын жетилип, академикке чейин өсүп жеткенин туюнткан символ-деталь болсо, экинчи жагынан кыз менен жигиттин сүйүүсүнүн эстелиги сыяктуу элес берет.

Дүйшөндүн Алтынайга болгон сүйүүсү повесттин финалында ачыкка чыгат. Кызды байдын туткунунан куткарып, Ташкентке балдар үйүнө узатууга келген эпизоддогу сүрөттөөрдө бир нече подтекст-деталдар бар: «Вагонду жандап жүгүрүп келаткан Дүйшөн бир убакытта артта кала берип, станциянын капчыгайы солк эте түшкөндөй:

– «**Алтынай!** – деп, баягыдай, бирок, андай да эмес, оюнда турган алда эмнени айтпай калып, өкүнгөндөй кыйкырды». Алтынай болсо «көзү ачылбай калган тунук булак» өңдүү эч ким билбеген биринчи наристе сүйүүсү менен» кош айтышып, казак талаасында «кош сызыктын» үстүндө зымырап Ташкентке кетип баратты.

**Төртүнчү параграф «Саманчы жолу» – адамзаттын жолу».**

Ошентип, жогорку үч повесттин мисалында көрүнгөндөй, деталь-Ч.Айтматовдун эң күчтүү көркөм куралы экендиги айдан ачык.

«Саманчы жолунун» башталышында «**кут»** деген деталь бар. Бул мифтик түшүнүктү автор Толгонайга карата колдонот. Өмүрүн колхоз талаасында өткөргөн дыйкан-эне Толгонай сыйынуу үчүн келгенде: «**Амансыңбы, куттуу талам!**» – деп, эгин-тегини жыйналып алынып, эми мемиреп эс алып жаткан алтын талаасы менен учурашат да, андан соң өмүр баяны тууралуу сүйлөй баштайт.

Повесттеги башкы деталь – «Саманчы жолу». Аны Толгонай Субанкул менен баш кошкон түнүндө көрөт, ушул баба-дыйкан өңдөнүп, биз да өзүбүзчө жер-сууга ээ болуп, эгин айдап, түшүп алып, жакшы турмушка жетишер бекенбиз деп тилек тилейт. Айткандай эле аңгыча совет өкмөтү чыгып, жаш жубайлар үйлүү-жайлуу, бала-бакыралуу болуп, эл катары жашап калышат. Ушул кезде Толгонай «Саманчы жолун» экинчи ирет көрүп, баягы тилеги ишке ашканына сүйүнүп, жакасын кармайт. Үчүнчү жолу Толгонай аны небереси Жанболоттун колунан жаңы буудайдын унунан жасалган нан жегенде көрөт. Ортодо согуш алааматы жүрүп, Толгонай бүткүл үй-бүлөсүнөн ажырап, жалгыз кармапары Алимандын баласы Жанболот болуп калат. Он үч жаштагы өспүрүм Бекташ комбайынчыга жардамчы болуп иштеп жүрөт. Демек, «**саманчы жолу**» со-

гуштан кийин кайрадан жергебизге келген токчулуктун, берекенин концепциялык символ-деталы болуп эсептелет. Мындан башка да жекече мүнөзгө ээ деталдар бар. Ошолордун бири Касым армияга узаарда районго чейин минип барган **Сары жоргонун эртеси жайдакталып** жетеленип келиши. Бул жоопкерчилик замандан бери келаткан символ-деталь. Ал Касымдын келечек тагдыры жөнүндөгү жаман сезим-туюмду элестеткен символ-деталь катары колдонулган.

Согуш майданында жүрүп, тагдыр чечүүчү тапшырма алып, өлүмгө бараткан Майсалбектин апасына жазган каты советтик жоокерлердин эрдигин, Мекенге берилгендигин көрсөткөн символ-деталь.

**Бешинчи параграф «Армандуу сүйүү баяны» («Кызыл жоолук жалжалым»).**

Кокустан «жолдон тапкан» (колхозго шифер тартып баратып, Илияс Аселди жолуктурат) сүйүүсүн өзүнүн алабарман, шашмалыгы жана өжөр мүнөзүнүн айынан «колдон түшүрүп» талкалап алган жигит ошол армандуу тарыхты Памирге баратып (Ошко чейин журналист менен поездде бир купеде келет), ага айтып берет.

Повесттин «Тополек мой в красной косынке» деген орусча атын кыргызчага которгондо «кызыл жоолук жалжалым» болуп чыгат. Бул сөз өзүнчө идеялык-көркөмдүк жүк көтөргөн көркөм деталдын ролун аткарат. Аны Илияс мерчемдүү учурларда ырдагы рефрен сыяктуу кайталап айтуу менен ичиндеги арман-күйүтүнүн бардыгын ошого сиңирип жиберет. Бул чыгарманы баштан аяк коштогон концептуалдык деталь.

Мындан башка да жеке мүнөзгө ээ башка майда деталдар да бир топ бар. Ч.Айтматов, Л.Толстой өңдөнүп «**көз оюнуна**» («игра глаз») абдан маани берет. Илияс Аселди жүк машинесинин кабинасына отургузуп, жолдо кетип бараткан кезде бир маалда кыз аны «кыңая карайт», ошондо «**көздөр чагылыша түшөт**». «Ал кандай ойдо бартканын ким билсин, бирок, **көзү жалжылдап**, жүзү жаркын» – дейт Илияс. Кыз үйүнө келип, машинадан түшүп, «каалгага жете бергенде Асел бир кылчайып, **жигитке жалт карайт».** Бул жерде көз деталы кыздын жан-дүйнөсүндө жүрүп жаткан «алабалды» баамдоого мүмкүндүк берет.

Илиясты автобазада иштеген Кадича аттуу диспетчер келин аябай жактырат, жолуга калганда ага тийишип, жолун тосо калып жүрөт. Бир жолу Илияс диспетчердин комнатасына кирип «экөө төш тиреше түшөт». «Ал далысын эшикке жөлөп, кайкая карап турган экен. Кирпик артынан **көздөрү күйүп жанат**» – дейт Илияс.

Илияс Аселди биринчи жолуктургандан кийин такыр тынчы кетет. Аны унута албай, күн-түнү көзүнө элестей берет. Ошондогу жигиттин жан-дүйнө сезими: «Тал чыбыктай буралган кымча бел, каерден көрүнөр экен, кызыл жоолук жалжалым!» деген мүнөздөмө менен берилет.

Бир күнү Долон ашуусу аркылуу өтүүчү рейстин графигин бузуп, Илияс Аселди издеп жөнөйт, бирок, аны үйүнөн да, фермадан да таппайт. Бушайман болуп, машинасын токтотуп коюп, чалкасынан жатса, Асел өзү издеп келет. Көрсө, ал Илиясты машинасынын изин кууп, таап алыптыр. Бул кыздын Илияска карата көңүл маанайын (ал кудаланган кыз эле, жакында күйөөгө кетүүгө тийиш) айгинелеген маанилүү деталь.

Ошентип, Илияс Аселди кабинага отургузуп алып, көлдү көздөй «учуп баратат». Жолдо алар бир нече көрүнүштү байкашат. «**Эски күмбөздө конуп отурган кулаалы** катуу бараткан машинадан чочуп учуп, «жел сыдыра» жарыша салпылдады». Бул сүрөттөө-деталы Аселди алмак болгон жигиттин аракетин элестетет. Андан кийинки көрүнүш: «Жолдо бараткан эки атчан ойт берип, четке чыгышты да, машина менен жарыша чабышты.

«– Эй токто!» – деп атттарын камчыланып, кыйкырышты». Бул деталь кыз алагачып келаткан Илиястын куугунчулары сыяктуу элестейт.

Андан ары бара түшкөндө: «Алдыдан бир араба жол бошотуп, четке чыга берди. Анда келаткан кыз жигит экөө тең тура калышып, ийин арта кучакташкан калыбында бизге кол булгалап калышты» – дейт Илияс. Сыягы алар эки жашты куттуктап жаткан шекилдүү. Деталь абдан мазмундуу.

Машинасын көл жээгине токтотуп коюп, экөө кечки пейзажга суктана карап турушту. Көл сулуусу аккуулар көрүндү. Ошондогу Илиястын сөзү: «Экөөбүз кабинадан чыкпай үнсүз отурдук: – Тээтиги жээктеги шыптары көрүнгөн тамдарды карагын, ошол автобаза. Бул болсо, – деп кабинаны айландыра көрсөттүм, – бул болсо экөөбүздүн үйүбүз.

Асел көзүмө кадала элжиреп тиктеди да, көкүрөгүмө боюн таштап, кучактап алып, ыйлап да, күлүп да жиберди». Деталь Аселдеги кош сезимди тастыктап турат. Ал ыйлады, анткени, качкан кыз, күлдү, себеби, өз сүйүүсүн тапты.

Илияс прицеп сүйрөгөн машинасы менен Долонду аша албай калгандан кийин моралдык да, үй-бүлөлүк да кыйроого учурайт. Аселден кол үзөт, Кадичаны ээрчитип эки жылча Анархайда жүрөт, бирок, баары бир Аселди унута албайт. Кайра келип, мурдагы автобазасында иштеп жүрүп, бир күнү күйүткө уугуп, арак ичип, машина айдап келатып, аварияга учурайт. Аны жолдон Байтемир жолуктуруп, үйүнө алып барат. Ошол жерде экинчи күйөөсүн тапкан Аселди көрөт, ал нес болуп калгандай селейе катып, алая тиктеп турат. «Асел!»

– деп бакырып ийе жаздадым, бирок, Аселдин жылуулук сезилбеген жат көз карашы оозумду ачырбады». Эртеси «жүрү алып кетейин» деген Илиястын сунушуна ал **«жашылданган көздөрүн** ала качуу» менен жооп берет. Ошентип, Ч.Айтматов «Кызыл жоолук жалжалым» повестинде «көз» деталына бир нече ирет кайрылат да, бардык убактарда өз максатына жетет. Деталь идеялык-көркөмдүк жүк көтөрөт.

**Алтынчы параграф «Ботогөз булак жана романтик Кемел».**

Мындагы эң негизгиси деталь – Кемел менен сакманчы кыз экөө ат койгон ботогөз булак. Ал өспүрүм курактан өтүп калган бала менен кыздын көзү ачылбай калган сүйүүсүн символдоштурат. Кемел кыз менен эки гана жолу жолугушат, бирок, зөөкүр, эгоист Абакирдин саатынан улам аны менен жакшы сүйлөшө албай калат. Ошентсе да «көкүл чачы селпилдеген сүйкүмдүү кыз кайда болду экен» деп, санаа чегип, аны унута албай жүрөт. Кээ күндөрү түндөсү булак көзүнө келип, бир топко отурат: «Көз алдыма не бир ажайып элестер тартылды. Кимге айтам муну, ким менен сырдашам? Эмнеликтен экенин баамдабадым, бирок, сырдашсам сырыма, толкундансам кыялыма түшүнө турган жалгыз гана алиги атын өзүм биле элек беш көкүл кыз сыяктанды. Жалгыз гана ошо кыз дилиме дили жакын, кыялыма кыялы окшош сыяктанып туруп алды». Бул пейзаж-сүрөттөмө деталь Кемелдин сакманчы кызга болгон жан-дүйнө сырын туюнтат.

**Жетинчи параграф «Картаң адам менен карыган ат («Гүлсарат» повести)».** Повестин мазмуну чыгармага коюлган тема аркылуу ачылып турат. Ал маанилүү көркөм деталь милдетин аткарат. Танабайдын өмүр-тагдыры менен Гүлсары жоргонун тагдыры окшош. Жылкычы өз жашоосунун гүлдөө мезгилин Гүлсары менен бирге өткөрүп, кийин айгырды колхозго алып кетип, ал үйүрүнө кайра-кайра качып токтобогон соң колхоз чиновниктери аны бычтырып таштайт. Кийин Танабайды койчулукка жиберишип, ал жерде анын «жолу болбой», партиядан чыгарылат. Танабай чындык үчүн жакшы эле жан талашып күрөшөт, бирок, бийлик күчүнө салып, аны бир бечарага айлантып таштайт. Мына ушул тарыхты «каарыган адам, картаң ат» деген деталдык мүнөздөмө айкын тастыктап турат.

Повестте пейзаж-деталдар көп кездешет. Танабай сүйүктүү Гүлсары менен коштошор күнкү кечте табияттын көрүнүшү да бир башкача болуп сурданып турган: «Суук тартып, күн кечтеген сайын ызгаары жандан өткөн сыдырымдан башка ээн талаа бетинде кыбыр эткен кыймыл жок. Танабайдын шүйү качты. Колун серепчилеп, батышты көпкө карап турду. **Кумсарган күн** жер кыйырында тытылган булуттардан салаңдап түшүп бара жатты…»

Мында күндүн «кумсарып турушу» подтекст-деталь. Ал Гүлсаранын өлүмү менен ассоциялышып кетет.

Автор Гүлсарынын кулун мезгилинен берки жашоосун «майдалап» сүрөттөйт, бирок, ал сюжеттик ыргакка терс таасирин тийгизбейт, анткени, деталдаштыруу атайын зарылдыктан келип чыккан.

Гүлсарынын «жылдызы көкөлөгөн» жылдарда Танабай Бүбүжан аттуу күйөөсү майданда каза болгон келин менен бирге рахаттуу күндөрдү өткөрөт. Жазуучу анын портретин тартууда «көз» деталына кайрылат, бирок, анда мурдагы чыгармалардагы сүрөтөөлөрдү кайталабайт. Автор мында «**моймолжуган көз караш», «кылгыра кароо**» сыяктуу деталдарды Бүбүжандын жылкычыны жактыруусун тастыктоо ыңгайында колдонот.

Танабай аялы Жайдардын алдында «бети ачыларда» кара нөшөр төгүп, айлананы караңгы түн курчап турат. Бул пейзажга да подтексттик мазмун киргизилген. Ошондон кийин Танабайдын «кулоо» доору башталат. Гүлсары колдон чыгат, өзү болсо чабандыкка айдалат. Ушул эпизоддордогу жазгы жуттун пейзажы каармандын жан-дүйнөсү менен шайкеш сүрөттөлөт . «Музга ыргытылган балыктай башын ургулап, жандалбастаган аракетинен берекет болбой жатканын көргөн сайын Танабай түнөрө кетти, өзүн да, башкаларды да, тууп жаткан койлорду да, жаап жаткан күндү да, тирүүлүк – жашоо деген азабы көп, көр дүйнөнү да жек көрүп, ичинде жини кайнап, толуп келатты. Ал ансайын көзүнөн чаары чыгып, кутурган бөрүдөй кайсалай берчү болду». Бул портрет-деталь Танабайдын төрт айласы куруп, катуу кыйналганын, эзилгенин таасын мүнөздөйт.

Танабайды партиядан чыгарган райкомдун бюросун да автор деталдаштырып жазат, анын ар биринин көтөргөн жүгү бар. Колго салганда төрт макул, үч каршы менен Танабай коммунисттин катарынан өчүрүлүп, булгаары баштыкка салынып, жүрөктүн тушуна асынып жүргөн партбилетти алып, Кашкатаевдин «муздак жылтыр столуна койду. Столдун муздагына колу тийгенде өзү да ичиркенип алды». Сүрөтөөдө бири-бирине карама-каршы коюлган эки деталь бар-бирөө жүрөктүн тушунда сакталып жүргөн партбилет, экинчиси, «муздак стол», б.а. чыныгы коммунистти жалган коммунист «соттоду». «Муздак стол» Кашкатаевдин жан-дүйнөсүнө да тиешелүү, анткени, ал өзүнүн партиялаш адамынын ал-ахвалын сурап, бир ооз сөзүн укпай туруп, төрт кол эсебинин төртүнчүсү болуп, «партиядан чыгарылсын» деген тизмеге кошулду. Танабай райондук прокурор Сегизбаевди «**шабыра** пальто кийген жаңы манап» деп эсептейт. Бул портрет-деталдын мааниси да терең. Ал күнөөсүз адамды жалган айыпка жыгып, Токтогулду Сибирге айдаткан өткөн доордун манабына окшоп турат.

**Сегизинчи параграф «Ак кеме». (Табият жана адам).**

Повесть өтө маанилүү көркөм деталь менен ачылат: «Бул баланын эки жомогу боло турган. Бири – жан билбеген өз жомогу, экинчиси – таятасынан уккан жомок. Акырында алардын бирөө да калбады». Чыгарманын сюжети мына ушул деталь-формуланы чечмелөөгө арналган.

Балага байланыштуу автор кеңири сүрөттөө деталын колдонот. Ал башында экөө – өзү жана дүрбүсү, кийин таятасы портфель сатып берген соң үчөө болду. Мына ушул «үч» цифра-деталы абдан маанилүү, анткени, чыгармада «үч» деген ыйык цифра-символунун терең маани-мазмуну повесттин бүтүндөй кан-жүлүнүн аралап өтөт. Илгери Эне-сайдан Бугу-эне, бала жана кыз болуп үч жылда көлгө келишкен. Орозкул башкарган токойго үч бугу келет, чыгарманын окуясы үч күндө өтөт. Бийликтин зордугу аркасында повесттин финалында «үч» ыйык-цифра кыйроого учурайт. Бала балык болуп Ак кемеге сүзүп кетет, үч бугунун бирөө атылат, Момундун үй-бүлөсү толук талкаланат. Демек, «үч» цифра-символу чыгармада концептуалдык мүнөзгө ээ. Андан башка жекече маанидеги символ-деталдар да бар, мисалы, Ак кеме – сагынычтын, портфель – билимдин, дүрбү – көп нерсени көрүп-билүүнүн, Бугу-Эне жомогу – табият менен адамдын эриш-аркактыгынын символ-деталдары.

1. «Бетме-бетте» «көз» (Сейде-Мырзакул), портрет (Ысмайыл) символ-деталдары орун алган.
2. «Жамийлада» жан-дүйнө байлыгы (Даниярдын обону), портрет (Данияр, Жамийла, кайнене), пейзаж (август күнү) сыяктуу символ-деталдар колдонулат.
3. «Биринчи мугалимдеги» кош терек пейзаж-символдук деталы Дүйшөн менен Алтынайдын көзү ачылбай калган сүйүүсүн, совет өкмөтүнүн жетим-жесирлерге көргөн камкордугун тастыктайт.
4. «Саманчы жолуна» коюлган ат концептуалдык мүнөзгө ээ. Ал пейзаж-деталь токчулукту, берекени туюнтат.
5. «Ак кемеде» «үч» чыгарманын сюжеттик курулушундагы концепциялык мааниге ээ цифра-деталь. Ал ыйыктыкты тебелеп-тепсеген зордукчулукту, деспоттукту символдоштурат.
6. «Гүлсараттагы» «карыган ат, картаң адам» Танабай менен Гүлсарынын басып өткөн татаал өмүр-тагдырын символдоштурган чоң подтексттүү деталь.

**Үчүнчү глава «Көркөм деталь – маанилик жана психологиялык каражат»** деп аталат. Ал кыргыз адабиятындагы классикага айланган эки романга арналган («Сынган кылыч», «Келкел»).

**Биринчи параграф «Алгачкы реалисттик тарыхый роман жана көркөм деталь».**

Т.Касымбеков «Сынган кылыч» романын жаратууда көп изденип, көп түйшүк тартып жүрүп, реализмдин бийиктигине чыккан. Анын жазуучулук чеберчилигинин бирден-бир белгиси көркөм деталдарга чоң маани берип, аны ийгиликтүү колдоно билгендигинде.

Романда портрет тартуу, диалог куруу жана фразеологизмдик деталдары көп пайдаланылат. Чыгарманын башталышында Кокон хандыгынын колу орус армиясы менен беттешип, Ташкент шаарынын алдында сокку жеп, артка чегинет. Ошондо Теңирберди **«бышкан алма болуп араң турган чагымда**… тагдырым сага не жазыгым бар эле» [Касымбеков Т. Сынган кылыч. – Б.: Кыргызстан, 1998, 21-бет. Мындан ары китептин бети текстте көрсөтүлөт.] деп боздоп ыйлайт. «Бышкан алма» деталы абышканын карылыгы жетип, өлүмгө баш байлап турган абалын туюндурат.

Шералы таластык Ажыбай датканын жылкычысы болуп жүргөн жеринен Нүзүп бий хан ордосуна алып келип, тактыга отургузат. Автор Нүзүпкө «**тик көздүү**» деген портреттик деталь берет. Адамдын көзүнө карата колдонуучу көп эпитеттердин бири болгон «тик көз» анын райымсыздыгын мүнөздөйт.

Нүзүп Шералынын мурда кийип жүргөн чоң чокоюн ал олтурган тактанын маңдайына дубалга өткөн күндөрүн дайыма эстеп жүрсүн деп илдирип коет. Бул деталдын мааниси чоң. Ал «көөп кетпей адилет бол» деген ойду туюндурат.

Ошентип, ханга кеңешчи болуп жүргөн Нүзүпкө душмандарынын колу жетип. Аны өлүм жазасына тарттырышат.

Кийин Мусулманкул миңбашы Шералыны өлтүртүп, анын ордуна үч уулунун кенжеси Кудаярды такка отургузат. Хан сарайдагы тынымсыз жүргөн интригалардын кесепетинен эми өлүм жазасы Мусулманкулга келип жетет. Анан «карышкыр сыяктуу аёону билбеген бул катуу адам «**өлүмдү да карышкырча**» кыңк этпей кабыл алат» [175-б.]. Бул мүнөздөмө-деталь.

Үч өлүм – үч деталь хан сарайындагы тынымсыз жүргөн күрөш, кармаштарды таасын мүнөздөйт.

Романда тоо айылында жашап, кокон хандыгынын зулум бийлөөчүлөрүнүн азап-тозогун баштан кечирген Сарыбай менен Теңирбердинин, Исхак, Бекназар баатырлардын образдары кеңири деталдаштырып сүрөттөө аркылуу ишке ашырылган.

**Экинчи параграф «Келкел» – тарыхый бурулуштун күзгүсү».**

Эл баатыры Исхактын образына байланыштуу автор бир катар маанилүү көркөм деталдарды тапкан. Айланасындагы Абдырахман өңдүү шумпайларга

алданып, кокондуктардын колуна түшүп калган кезде ал мындай образдуу деталдарды колдонот: «Силерге ишенип, капкан жаткан жолго салып, көрүп туруп, **капканга өзүм бут салып бердим.** Э, кыйды түлкүнү серпем деп келип, журттагы куу казыкка тийип, жарылган бүркүт болдум» [470-б.]. Бул жерде бүркүт символ-деталы анын кыраандыгын мүнөздөйт. Кийин душмандар менен кармашта бутунан катуу жаракат алып, Исхак тоодо бир аз колу менен катуу кыйналышта жаткан чакта бийик асманда канат каккан бүркүттү көрүп, анын жашоосуна аябай суктанат: «О, кайран **баатырдыктын, бийиктиктин кырааны**, – дейт ал, – сөөлөтүн кара, келбетин кара? Исхактын жүзүнө жылмаю, жүрөгүнө эргүү келди…» [610-б.]. Тексттен эркиндиктин, бийиктиктин ээси бүркүткө Исхак катар коюлуп жатат. Бул –подтексттүү, маанилүү көркөм деталь.

Баатырды дарга асуу үчүн алып бараткан эпизоддо Исхак, экинчи тараптан анын душмандары ар түрдүү түскө боелгон көркөм деталдар аркылуу сүрөттөлөт.

Падыша төрөсү Фон Кауфман аны «бузуку», «ууруулардын башчысы» деп өлүм жазасын угузгандан кийин мындай подтекстүү деталь берилет: «Исхак муңайгансып кетти. «Кош эми…Жамандыгым болсо кечир, жакшылыгым болсо ырдай жүр эсил журтум!» деп ал купуя коштошту, жүрөгү мыкчылды». Ошол тушта «тээ бийиктикте сургулт булуттун нары жагынан бир кыраан Исхактын көзүнө чалдыкты. Бүркүт экен! Сургулт булутка бир чүмкөнүп, бир көрүнүп, каалгып айланып жүрөт!» [616-б.]. Мына, **бүркүт-деталы**; Исхак дарга асыларында эркиндиктин, бийиктиктин символу бүркүттүн элесин дагы бир ирет көрүүгө үлгүрдү.

Глава боюнча жалпы корутунду иретинде айтарыбыз булар:

- «Сынган кылыч» романында башкы каармандардын образын ачуу үчүн автор алардын ар бирине ылайыктуу көркөм деталдарды табат. Бузукулукка уугуп, Нүзүп бийдин башын алган Шералыны Мусулманкул өлтүрүп, кийин анын да башы кыя чабылаарына кезек келет, кыпчактарга колго түшүп, өз жазасын алат. Ошентип, баштары кесилген үч хан үч түрдүү подтекстүү деталдарды маалымдайт.
- Автор Курманжан, Бекназар, Теңирберди, Сарыбайга карата кыска жана сүрөттөөчү, ошондой эле портреттик, фразеологизмдик, диалогдук деталдарды ыктуу колдонот.
- Эл баатыры Исхактын образы бүркүт менен катар коюлуп, символдоштурулган деталь да абдан орундуу.

## Корутунду

Көркөм адабиятта колдонулуучу көркөм каражаттар көп түрдүү. Алсак, троптун түрлөрү, шарттуу сүрөттөө сыяктуу өтө таралган ыкмалардын дагы бири – көркөм деталь болуп эсептелет. Ал кеңири мүнөздөөчү «подробность» жана кыска деп экиге бөлүнөт, б.а. деталь-подтекст кыска бир сүйлөм түрүндө, же бир накыл сөз, же диалогдордогу кандайдыр бир курч айтылган сөздөр аркылуу жасалат. Ал эми кеңириси – каарманга тиешелүү тигил же бул окуяны сүрөттөө менен ишке ашырылат.

Деталь - жазуучунун чеберчилигин мүнөздөй турган татаал адабий ыкмалардын бири. Аны устат калемгерлер гана мыктылап колдоно алышат. Алсак, орус адабиятында көркөм деталдын устаттары катарында Л.Толстой, Н.В.Гоголь, А.П.Чехов, М.Горький, М.Шолохов сыяктуулар өзгөчө айырмаланып турат. Көркөм деталдарды колдонгон кезде ой подтекстке катылып, авторду көп сөздүүлүктөн куткарат, себеби, бир эле кичинекей деталь өз ичине терең музмунду сиңирип турат.

Кыргыз жазуучуларынан көркөм деталдын залкар устаттары Ч.Айтматов жана Т.Касымбеков өздөрүнүн повесть, романдарында көркөм деталдарды колдонуунун мыкты үлгүлөрүн көрсөтө алышкан.

## Диссертациянын негизги мазмуну автордун төмөндөгү публикацияларында чагылдырылган:


1. Билбаева, Г. Художественная деталь у А.П. Чехова [Текст] / Г.Билбаева // Юбилейные чеховские чтения: сб. научных трудов. – Ош, 2005. – С.56-58.
2. Билбаева, Г. Художественная деталь в прозе Ч.Айтматова (к вопросу о традиции Достоевского) [Текст] / Г.Билбаева // Юбилейные достоевские чтения: сб. научных трудов. – Ош, 2007. – С.117-118.
3. Билбаева, Г. Роль детали в художественном произведении [Текст] / Г.Билбаева // Вестник Ош ГУ. - 2007. - №5. – С.62-64.
4. Билбаева, Г. Айтматов – көркөм деталдын устаты (Бетме-бет» повести боюнча) [Текст] / Г.Билбаева // Вестник ОшГУ. - 2008. - Атайын чыгарылышы. -38-40-бб.
5. Билбаева, Г. «Сынган кылыч» романындагы Исхактын образын жаратуудагы пайдаланылган көркөм деталдар [Текст] / Г.Билбаева // Наука и новые технологии. – 2008. - №5-6. -180-184-бб.
6. Билбаева, Г. «Биринчи мугалим» («Кош Терек» сыры) [Текст] / Г.Билбаева // Наука и новые технологии. – 2008. - №5-6. - 245-249-бб.

7. Билбаева, Г. Ч.Айтматовдун «Кызыл жоолук жалжалым» повестиндеги көркөм деталдардын мааниси [Текст] / Г.Билбаева // Вестник ОшГУ. - 2009. - №2. - 9-12-бб.
8. Билбаева, Г. Эволюция искусства детали в кыргызской прозе [Текст] / Г.Билбаева // Наука. Образование. Техника. - 2007. - №2. - 62-64-бб.
9. Билбаева, Г. «Ак кеме» повестиндеги көркөм деталдардын ролу // [Текст] / Г.Билбаева // Социальные и гуманитарные науки. Серия 1. – 2009. - №3-4. -237-241-бб.

**Билбаева Гульзада Жакыповнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз прозасындагы көркөм деталдардын аткарган функциясы (60-70-жж.)» аттуу диссертациялык ишинин**

**Р Е З Ю М Е СИ**

**Өзөктүү сөздөр:** Деталь, деталдаштыруу, кеңири сүрөттөө, деталь-портет, деталь-пейзаж, фразеологизм-деталь, проза, стиль, чеберчилик.

**Изилдөөнүн объектиси** кыргыз адабият теориясында, Ч.Айтматовдун, Т.Касымбековдун, М.Гапаровдун, Т.Сыдыкбековдун чыгармаларындагы көркөм деталдардын аткарган кызматы болуп саналат

**Диссертациянын негизги максаты-** Кыргыз проза чеберлери Т.Сыдыкбеков, Т.Касымбеков, Ч.Айтматов, Акматов, М.Гапаров, М.Мураталиевдердин чыгармаларында көркөм деталдардын алган ордун аныктоо жана анын түрлөрү боюнча конкреттүү мүнөздөмө берүү.

Орус классик жазуучулары Н.В.Гоголь, А.П.Чехов, Л.Н.Толстой, М.Горький, М.Шолоховдордун көркөм деталдары колдонуудагы устаттык өнөрүнө талдоо жүргүзүү.

**Изилдөөнүн усулдары жана аппаратуралары:**

Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизин орус жана кыргыз жазуучуларынын, адабият изилдөөчүлөрүнүн, сынчыларынын темага тиешелүү теориялык көз караштары, эмгектери түздү.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы.** Кыргыз адабият теориясында алгачкы жолу көркөм деталды залкар жазуучулардын чыгармаларынын мисалында талдап көрсөтүлдү. Эмгекте деталдын мааниси, формалары көркөм чыгармаларды конкреттүү анализдөө аркылуу аныкталды.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** ЖОЖдордун филология факультеттерининин лекцияларында, орто мектептин мугалимдердин практикалык иштеринде,жазуучулар уюмунда пайдаланууга сунуш этилет.

**Колдонулуучу тармактар.** Изилдөөнүн жарыкка чыккан илимий изилдөөлөрү жогорку окуу жайларында өтүлүп жүргөн «Адабият теориясы» курсунун лекциялык жана практикалык сабактарында, атайын курс жана семинарларда пайдаланылат, ошондой эле көркөм чеберчилик боюнча диссертация жазган жаш окумуштуулардын иштерине көмөк бере алат.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Билбаевой Гульзады Жакыповны «Функция художественной детали в кыргызской прозе (60-70-е гг.)», представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01 – кыргызская литература**

**Ключевые слова:** детализация в художественном контексте, подробность, деталь-портрет, деталь-пейзаж, деталь-реалия, стиль, структура образа, художественная деталь, художественное мастерство,

**Объектом исследования** является многоаспектный комплекс функций художественной детали в текстах литературного творчества – в частности, в кыргызской прозе 60-70-х годов XX века.

**Материал исследования** составили произведения ведущих кыргызских прозаиков Ч. Айтматова, К. Акматова, М. Гапарова, Т. Касымбекова, М. Мураталиева, Т. Сыдыкбекова, а также, в качестве источника сравнительно-типологического анализа, наследие русской литературы XIX-XX вв. (Гоголь, Чехов, Л. Толстой, Горький, Шолохов).

**Основная цель диссертации** состоит в определении роли художественной детали и системной конкретизации ее функций применительно к художественной системности современной кыргызской прозы, осваиваемого ею жизненного материала, природы ее конфликтов и жанрового своеобразия. История кыргызской литературы в ее органичной историко-художественной близости с русской литературой потребовала сформировать представление о детали в сравнительно-типологическом формате связей обеих литератур.

**Методология исследования** представлена системно-типологическим анализом художественного текста как целостного единства, сравнительным рассмотрением сходств и различий в национальных художественных системах, теоретической характеристикой стилевых исканий в преемственной связи с достижениями литературоведения Кыргызстана и России.

**Полученный результат и его новизна**: проблема роли и функций художественной детали на кыргызском художественном материале, ее определение как аналитической категории, конкретная характеристика ее форм в богатстве отечественной прозы – все это впервые введено в научный оборот и должно получить применение в современном кыргызском литературоведении .

**Сфера применения:** итоги исследования могут быть полезны как опорный материал при формировании аналитических принципов современного литературоведения, в анализе литературных процессов региона, в образовательной области, в литературной и академической среде, в журнально-критической деятельности и учебе молодых литераторов.

**Перспективы практического использования** – широкий спектр академического процесса на гуманитарных факультетах вузов , лекционные и практические курсы теории и истории национальных литератур, специальные курсы и семинары по поэтике прозы, исследовательская работа научных школ.

**SUMMARY**

**of thesis work of Bilbaeva Gulzada Jakypovna «Function of artistic detail in Kyrgyz prose (60-70`s) », submitted for degree of a Candidate of Philological Sciences on the specialty 10.01.01-Kyrgyz literature.**

**Key words:** detalization in artistic context, specification, detailed portrait, detailed landscape, part-reality, style, structure of the character, artistic detail and artistic skill.

Data for study is multifaceted complex of functions of artistic detail in texts of literary work including Kyrgyz prose of 60-70`s of XX century.

**Target of research** consists of writings of Kyrgyz great prose writers Ch. Aitmatov, K. Akmatov, M.Gaparov, T. Kasymbekov, M. Murataliev, T. Sydykbekov and also as comparative—and typological analyze of Russian literature heritage of XIX-XX centuries (Gogol, Chehov, L.Tolstoy, Gorkiy, Sholohov.)

Goal of dissertation consists of role definition of artistic detail and systematic concretism of its functions according to artistic system of modern Kyrgyz prose, utilized vital material, nature of its conflicts and genre singularity. History of Kyrgyz literature in its organic historical and artistic togetherness with Russian literature required to formulate introduction of detail in comparative and typological form of two literature connections.

**Method of research** is presented in comparative and typological analyze of artistic text as comprehensive unity, comparative consideration of similarity and distinction in national artistic systems, theoretical characteristics of style quest in literary studies achievements of Kyrgyzstan and Russia.

**Received results and its novelty:** Role problem and functions of artistic detail on Kyrgyz artistic material, its definition as analytic category, detailed characteristic of its form in native prose wealth - all of its introduced into scientific use and must take use in modern literary studies of Kyrgyz Republic.

**Field of use:** Results of research can be useful as strong material for formulation of analytic principles of modern literary studies and in analyze of literary region processes, educational field, literary and academic sphere, journalistic and critical activity and study for junior litterateurs.

**Perspectives of practical use:** wide range of academic process in humanitarian faculty of Middle Asia higher education institutions, lecture and practical courses and history of national literatures, special courses and seminars for poetics, prose and research paper of scientific schools.

Компьютерная верстка: ***Асаналиева А.***
Бумага офсет. Формат 60*84 1/16
Объем 1,5 п.л. Тираж 100 экз.

Отпечатано в типографии "Университет"КНУ им. Ж.Баласагына
г. Бишкек, просп. Манаса, 101
тел.: (+996 312) 32 31 91; 32 31 75